КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 14-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

“4” 02 2025-ж №160 Кызыл-Суу айылы

**МТС “Ак-Жол” муниципалдык ишканасынын 2026-жылга жайыт акысын жана мал багуу боюнча бааларын бекиптүү жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн коомдук угууда малдардын жана тургундардын жайыт акысы жана мал багуу боюнча бааларды бекитүүдө ой-пикирлерин карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кенешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.Малдардын 2026-жылга жайыт акысына төлөнүүчү акысы төмөндөгүдөй бекитилсин.

а) Уй багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн -70 сом
б) Жылкы багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн -70 сом
в) Кой, эчки багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн -14 сом
г) Бадага жайыт пайдалангандыгы үчүн -70 сом

2.Малчылардын 1 айга элден алынуучу эмгек акысы төмөндөгүдөй бекитилсин.

а) Уй баккан акы үчүн -500 сом
б) Жылкы баккан акы үчүн -500 сом
в) Кой, эчки баккан акы үчүн -100 сом
г) Элдин уйларын баккан бадага -500 сом

3.Малчылар 2026-жылдын 1-апрель айынан баштап жакынкы жайлоолорго көчүрүлсүн. Кашарларда эки баш саан уй, бир баш жылкыдан ашык мал калтырылбасын. Кой, эчкилер купкага салынгандан кийин алыскы Сырт өрөөнүнө 15-июнь айына чейин көчүрүлсүн.

4.Токтомдун 3-бөлүмүнүн талаптарын аткарбаган КР жарандарына КР “Бузуулар жөнүндөгү Кодексине ылайык айып пул салуу жана алар боюнча иш алып баруу жагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн алдындагы бузуулар комиссиясынан суралсын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы МТС “Ак-Жол” муниципалдык ишканасынын жетекчиси В.Курочкинге тапшырылсын.

**Төрайым** **Г.Чыныбаева**